Бексултанов Азисбек

# Майраш эжем

Бишкек-2013

*Бексултанов Азисбек*

# Майраш эжем

3162

Бишкек-2013

Бул китепти чогултууда Исмаилова Майрам Калдыбаевнанын (мындан ары Майраш эжем) кол жазмалары пайдаланылды. Тирүү кезинде көптөгөн ырларын окуп, эжем менен сыймыктансам, бир жагы эжемдин талантына таң калаар элем. Өкүнүчтүүсү көзүнүн тирүүсүндөгү көптөгөн ырлары бар эле, аларды таба албадым, калган ырларын жыйнакка пайдаландым. Табылбай калган ырларын таап, жыйнакка кошууга мүмкүн болбоду. Ырларын жана эскерүүлөрдү китепчеден окуп, Майраш эжемди дагы бир жолу эстеп, көз алдыңарга келет деп ойлойм.

Ырларды жана эскерүүлөрдү топтогон Бексултанов Азисбек Абдилкариевич

## Кириш сөз

Эжемдин ыр жыйнагын 2001 жылдан тартып чогултуп, чыгарайын деген оюм бар эле. Жашоо билинбей эле өтүп кете берет турбайбы. Ар нерсенин өз убагы, сааты болот экен да. Ошондон бери билинбей 12 жыл өтүптүр. “Майраш эжемдин каза болгонун укканда өзүмө сөз бердим эле, көзүнүн тирүүсүндө чыгарылбаган ырлар жыйнагын мен сөзсүз чыгарам”, – деп. Ошол максатымды ишке ашырып отурам деп ойлойм.

Майраш эжем 1964-жылы Тогуз-Торо районундагы Өрнөк айылында туулган. Сегиз бир туугандын алтынчысы. 1971- жылы мектеп босогосун аттап, 1981 жылы мектепти аяктаган. Мектепте жакшы окуган,

тың, тартиптүү, зирек, талантуу кыз болчу - деп эскеришет класссташтары.

Окууну аяктаган соң жогорку окуу жайына өтпөй калып, райондогу санэпидде иштеген. Андан соң Фрунзеден метеорологиялык окуу жайын бүтүрүп, аэропортто метеоролог болуп иштеген. Адабий чөйрөгө мектепте окуп жүргөн кезинде аралашкан. Майраш эжемдин адамга жасаган мамилеси, баскан турганы бүгүнкү күнгө чейин көз алдымда элестеп турат.

Бири кем дүйнө, эжем тирүү болгондо чыгармачылыгы ташкындап, элге таанылып калаар эле – деп өкүнүп калам.

# Апаке байкамаксан болуп койчу

Апаке байкамаксан болуп койчу,
Төгүлө албай турса көздөн жашым.
Ал менин таарынычым сизге эмес,
Эңсөөнүн эң акыркы сагынычы...

Апаке байкамаксан болуп койчу,
Кызыңда кубаныч турса ашып-ташкан.
Өмүрдүн баркын билер жан болсом да,
Шаттыкка жеңил болуп туюлармын.

Кыялымды сагыныч эзип саматкан,
Кыялбастай көптөр кыя карашкан.
Күнгө берип күлүк санаа жаратты,
Жаштыгымды улам узап бараткан.
Токтоо тартып көңүл табы кайткан чак,
Эми кандай сырлар айтылмак.

Апаке байкамаксан болуп койгун,
Баладай так секиргим келет кээде.

Ырыма батыралбай калган ойду,
Кыйкырып айткым келет тоо-токойго.

Апаке кыйындыкты татаал узак,
Көтөргөн улуулугун сезип турам.
Кантемин сен күткөндөй боло албай,
Кыз болдум купулуңа арзыбаган.

Кызык түштөй өтүп кеткен балалык,
Унутулбай кандай санаа тарттырмак.
Кыйрап кыйын узак оору сезилди,
Кызыгы жок бул жашоого кезигүү.
Эңсөө табы жүрөгүмдү жаралап,
Унуткарым узайм деген кезимди.

*Жеңиш туусу № 29-30*
*(4398-4399) 8 март*
*1991 жыл.*



## Энелерге

Көлкүтүп эне-элеси-мээрим күчү,
Дүргүтөт сезимдер от күчөп ышкы.
Күн табындай мээримин жазганымча,
Мезгилдер күн өртүнө кызарышты.

Агылды сенин сүйүүң селге айланып,
Добулдуу кылымдарды коштоп алып,
Ыр болуп, өмүр улап, кут жаадырып,
Келесиң тирүүлүккө төгүп жарык.

Оргуштап мезгил жүгүн боштук жутпай,
Кубаттуу эне жүгүн көтөрө албай.
Кыйрады ой толкуну жээкке кетпей,
Кыйнады өрт жүрөктү алым сынтпай.

Жүрөгүң от түбөлүк бала үчүн,
Селдеп, тынчсыз сезимге толгон күчүң.
Сен ажайып океан түпсүз терең,
Мен тамчыдай ыр арнайм дилим менен.

*Жеңиш туусу № 29 (3767),*
*7 март 1987 жыл.*



# Айылыма

Сен менин караанымды узак самап,
Күмөнсүп кечигүүдөн жолум карап.
Күтпөгүн. Өзүм келем баштагыдай,
Жашоонун жакшылыгын жокко санап.

Элесиң сагыныч толгон көздөрүм өөп,
Парзыңды аткарууга жанымды үрөп.
Келээрде сапарымдан арып азып,
Тосуп тур. Жаңылык сүйүнчүлөп.

Түшкөнүм максат үчүн улуу жарыш,
Мизине жаштыгымдын кайрап алып.
Максаттын марасы алыс, миздери өткүр,
Кез келсе, максат үчүн жанды сайыш.

Жектебе  жаадай максат күткөн үчүн,
Басынтпа, жетпейт дебе алы күчүң.
Жанууга, же өчүүгө жаралыпмын,
Жетүүгө умтулаарым, жалгыз бүтүм.

Айдында эркин жортчу шамалга окшоп,
Ойлордун көчү кайра дүбүрттөшөт.
Күүлдөк шары күчтүү дайра өңдөнгөн,
Жашоодо жаштык үмүт күндү көзөп.

Алымдын чак экенин туюп турган,
Мезгилдин мээ кайнаткан аптабына.
Таштайм да. Өзүмдү өзүм, кетип калам,
Кайдадыр кыялдардын кайратына.

Узаган узун түндөр кайтып келип,
Уктоого жатканымда эшик чертет.
Кечигип сапарынан убай тарткан,
Кеч күүгүм менден сага чубай берет.

Көктөгү жылдыздардын илеби сууп,
Атаарын аздан кийин таң агарып.
Жарчысы жарык күндүн боз чымчыктар,
Баарынан эрте туюп кабар берет.



Самсыган жөө тумандай көҥүлдү эзип,
Көшөрөт назик сезим сезим сагыныч окшоп.
Негедир көргүм келди бүгүн сени,
Жааганда күз жамгыры алгач ирет.

*Жеҥиш туусу №156 (4207)*
*29 декабрь 1989 жыл*

## Эки кайык

Жаандан кийин көлчүктөгү,
Сууну бурат сыдырым.
Бөбөк келди агызууга,
Кагаз эки кайыгын.

Сыдырымга термелди да,
Сүзүп кетти акырын.
Жылт дей түштү учкундары,
Жүзүндөгү кубанычтын.

Бир кайыгы жыгылды да,
Сүзбөй калды бул ирет.
Бирөө секин сүзүп барат,
Бөбөк турат күлүңдөп.

Жашыл жашоо эки айрык,
Бири кубаныч, бири кайгы.
Эки кайык шол сыңары,
Бөбөк аны байкайбы.



Тагдыр деген татаал бир жол,
Кайык сымал жыгылган.
Турмуш тынч да, кээде толкун,
Бөбөк келээр кайыкчан.

*Жеңиш Туусу гезити,*
*31март 1991 жыл.*
*№38-39 (4407-4408)*

## Октябрь эркиндиги

Кубат кирип, курчтук кайнап каныңда,
Бир улуу күч жер силкине унчукту.
"Тур жумушчу, кедей дыйкан курал ал,
Жоготобуз дүйнөдөгү кулдукту"

Кандар кайнап, каар чачып жүзүнөн,
Жокчулукту жоготууга ант берди.
Дүйнөдөгү жарчы-жалчы кор болуп,
Эзүү жанын жеп бараткан көп элди.

Революциялык Аврора жар салып,
Жумушчу элдин эркиндигин жактады.
Кан соргучту, капиталды жоготуп,
Эркин элдин эмгектерин мактады.

Эркиндик деп түшүнөм Октябрды,
Революция анын тунгуч энеси.
Компартия жол көрсөтсө нур болуп,
Ленин зор жеңиштердин кемеси.

Жумушчудай улуу муун баштаган,
Күрөштөрдү дыйкан бабам аттаган.
Бул эки сап эрдиктердин элеси,
Орок, балка канча жолду чаппаган.

*Жеңиш Туусу гезити,*
*1 ноябрь 1987 жыл.*
*№132(3870)*

## Балалык тоодон жаңырат

Жөө туман түтөйт тоолордон каалгып,
көгүлжүм,
Өзүнө тартып, балалык калган
коктулар.
Сезимдер дүргүйт, булактын ыры
шыңгырап,
Күңгөйдөн жашыл, наристе чагым
чакырат.
Күмүштөй аппак булуттар айдын
шооласын,
Жамынып акак тоолору кары чагылат.
Балтыркан жыттуу белестин
салкын абасы,
Гүл болуп түркүн, жыты аңкып
анан басылат.



Көрүнүп көзгө чагылган
кескен асмандан,
Көшөрүп шамал, нөшөрлөп
анан басылган.
Шүүдүрүм таңкы, тоо гүлү
назик калтырап,
Өмүргө кайтып, балалык
тоодон жаңырган.

*Жеңиш Туусу гезити,*
*15 июль 1989 жыл.*
*№ 85(4140)*

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китеп...
Инв.№ 31162
ЦЕНТРАЛЬНАЯ Б...
ИНВ № 2929

## Күз баш багып тереземден бул ирет

Кыялымды бийлеп алган жапжалгыз,
Элесиңди таппай калдым аз убак.
Сыртта нөшөр кутулбөстөн башталды,
Сезимдеги ишеничти сапырат.

Бул жашоодо бар үмүттү түгөтүп,
Көңүлдөрдө күйүп бүтпөй от жанат.
Жарык талып сен жанымдан бир кетсең,
Кусалыктан ырбап кетти бүт жараат.

Тоо койнунда түнөгөндөй боз туман,
Сезим кирдеп ыргактардын кайруусу.
Эч ким мени түшүнө албайт ансыз да,
Тагдыр бөлүп табышпаган жол учу.

Күз баш багып терезимден бул ирет,
Менде өчпөгөн сезим отун күйгүзөт.
Бул өмүрдө эсен болсок эң алды,
А тагдырым алда нени кечирет.

Жай толукшуп турган кезде кечтеги.
Булуттарды шамал айдап күз келди.
Жамгыр жууду жалбыракты жашыл кан,
Күн нуруна алоо кызыл өрт кетти.

Түш оогондо сыдырым жел кайдадыр,
Күз кайрыгын кабарлоого чапкылап.
Эки эгиздей: бири тагдыр бири күз,
Экөөбүздү жолуктурбас кайталап.

Айдарым жел. Жалбырактын шыбыры,
Жеткизеби сага арнаган ырымды.
Санааларым булут болуп үйө өрлөп
Жанды миң сан жылдыздардын жарыгы.

Күз күнүндөй ачык туруп жабылган,
Көнүл отун кимдер кайдан түшүнөөр.
Бир учурган жалбырактай үмүтүм,
Саргайыптыр жалбырактын түсүндөй,



Басмырт терең боз мунарык бул күндөр,
Чууруп жатат күз алдында кайрылбай.
Өчсө дагы ыйык максат, ыйык нур,
Жүрөк согот дале сенден айрылбай.

# Сыр

Сезимден сызып салып
                    муңайым элесиңди,
Санаадан алыс жашагым
                    келди башкача.
Бейкут күн тосуп, сагыныч,
                    эзбей жүрөктү.
Жаркытып кабак, жанашып,
                    Өмүр. Терезе.
Өмүрдүн кыска татаалын эске
                    миң салган.
Жамгырдын жашын көрмөксөн
                    болуп бир бейгам.

Көңүлдө жанган махабат
                    отун өчүрүп,
Өмүрдү кыска өткөргүм
                    келди тынчыраак.
Жанаша келген тагдырым болуп,
                    жалгыз ыр.

Жаздымда калган жашоонун
жангыс ирмеми
Жандырып көңүл, жазууга
келген чындыктын,
Жамгырдай мөлтүр жаш чайып
кеткен өткөн чын сырым.

Жолунан ырдын өзүңдүн
издеп үнүңдү,
Келе атсам азып бир сезим
муңдуу жолукту.
Муңканган бир сап ыр берди
мага махабат,
Азгырып көңүл тээ алыс
калган сүңүүнү.

*Жеңиш Туусу гезити,*
*3 ноябрь 1990 жыл.*
*№ 131-132(4343)*

## Күз болгон беш жыл мурун

Жоготкон беш жыл мурун сен билбеген,
Сезимдин сергек таза таңын тосом.
Бул күздүн кетип жаткан куштарына,
Кыйылган күндөрүмдүн күүсүн кошом.

Күз келген беш жыл мурун дал ушундай,
Сен аны тааныбайсың мен сыяктуу.
Санаадан жүрсөң керек алыс, узак,
Кеч күздүн мен жаза элек ыр сабындай.

Бейтааныш, элесиңди, көздөрүңдү,
Окшотом, өзүм түзгөн кыялыма.
Ал элес калды сезим тереңине,
Ырдалбай, жаш жүрөккө толуп кусам.



Кайтканда сен алыскы сапарыңдан,
Сен билбес бир башкача обон созом.
Көңүлдү бийиктерге алып учкан,
Өмүрдө кайгы билбес сезим коштоп.

*Жеңиш Туусу гезити,*
*3 ноябрь 1990 жыл.*
*№ 131-132(4343)*





## Сезим ыры

Сезим күчү куса толгон өмүрдү,
Сээлдеген ырга айланып төгүлүүм.
Жаай албай турганымда булуттай,
Чертким келип мунар тоодой бир күүнү.

Айландым да ак жаанга ал жаздагы,
Айтылбай жүргөн куса тамчы болду.
Жарк этип сагынычым чагылгандай,
Айбаттуу, өткөн күнгө жанды өрттү.

Кечте баштап таң тоскон үмүт менен,
Аруулук адептин жөнөкөй сапатын.
Салт тутуп. өзгөлөргө негедир,
Айткым келди өзүм сүйгөн кайрык менен!

*Жеңиш Туусу гезити,*
*26 сентябрь 1987 жыл.*
*№ 116 (3854)*


## Жамгыр ыры

Тыңшап туруп жамгыр ырын.
Сенин үнүң угамын.
Ооруп сезим сагынычтан,
Ээси болсом кусанын.

Сагынычтын сары убайым,
Санаасы бар сабында.
Сары күздүн сабырындай,
Салкын ырың муңайым.

Күтүп жүрүп күбүлүүдө,
Бариктери жаштыктын.
Өткөндөрдү кайрып бербес,
Күчү ушунда жазмыштын.

Неге, жамгыр, сенин ырың,
Кайрып күүнүн кайрыгын?
Кайрылбассың, эске түшпө,
Жашоодогу айдыңым.



## Бир гүл бар

Бир гүл бар, жазды эңсеген соолуп жатып,
Бир нур бар, булуттардан сынып чыккан.
Бир ыр бар, сен экөөбүз ырдай элек,
Чыга албай сезимдерде бугуп жаткан.

Жалын бар, күйсө табы билинбеген,
Тагдыр бар, тайыздыкка тебеленген.
Үмүт бар, үзүлбөгөн миң кыйроодон,
Жаштык бар, жаңылуудан үбөлөнгөн.

Жылдыз бар, эң алыстан жарык күйгөн,
Жигит бар, мен таанызбай бирок сүйгөн,
Бир күн бар, бүт өмүргө эселенген,
Бир ый бар, көз жаш болуп төгүлбөгөн.

Акыл бар, адамдарда ачылбаган,
Ачуу бар, бирок ичте катылбаган.
Жалган бар, жууп. Актап тазарта алгыс,
Чындык бар, жалгандыктан жабыркаган.




## Ата журт

Жаңыртып, чыйралтып да сезимимди,
Жаз мага жакын болуп келген эле.
Ата Журт, сенде калган балалыктын,
Жашынган, күздөй салкын демиң экен.

Башка мээрим менен тозуп алган,
Мезгилдин кайталангыс боёкторун.
Ата Журт, максатымдын огу сынып,
Өзүңдөн алыс узап кете албадым.

Шыбыры жамгырыңдын назик аяр,
Ырыма жазыла элек сапты кынап.
Жазбадым таза элесиң кирдетчүүдөй,
Татыксыз ырым менен жаңы, муздак.

Бир сырдуу сенден мээрман эч кимим жок,
Бөлүүгө кубанычымды, арманымды.
Саналуу көңүлүмдү сооротконсуп,
Сыдырым сылайт секин саамайымды.



Сыртта күз өз дооранын сүрүп жатат,
Ыймандай сырын төгүп, күз жамгыры.
Ата Журт, тоскоолдорду тозуп алып,
Өзгөгө тепсетпесмин намысыңды.

## Эрте келген күз

Каркырадай сапар тартып бара жаткан,
Сары күздө санаам андан толтура.
Кайрый алгыс кайсыдыр бир күндөр бар,
Тирүүлүктүн өлчөмү жок сабында.

Көңүл ээндеп, көптөн бери кармабай,
Дептеримдин саргыч тарткан барагы.
Жалбырактар жабыроодо кош дебей,
Эске салып өмүрдө ак караны.

Тирүүлүктүн түйшүктөрү түгөнгүс,
Мезгил үзүп күндөрүмдү эң күлүк.
Ал сурабас курбум үчүн канча аздым,
Ойдон ооруп, саргайганда келди күз.

Бул кез, балким, сага жакын сезилер,
Узап кеткен бир учурду эстетип.
Теребелде мендей өңдөн азышкан,
Теректердин бар жиктерин үзөт жел.

Кең асманды ээлеп алып сур булут,
Ак жаан келди, тумандаган боз түшүп,
Күз илеби чыйрыктырып азыраак,
Сыртты карап турсаң керек бул учур.

Тармалданып желге чачын таранып,
Тереземди сылайт сыртта дарагым.
Эрте келди сен жактырчу күз быйыл,
Алып келсин жакшылыктын кабарын.




# Мөлтүр булак

Шылдырап агып жатат тунук булак,
Тыңшасам добушуна моокум канат.
Кыргыздын комузундай угуласың,
Келгендей тоо башынан күүнү курап.

Мукамдуу ага бергин мөлтүр булак,
Агымың жан эргитип обон чалат.
Чарчасаң кайрат, кубат демин берген,
Кыргызым жериң сонун асыл кымбат.

*( 9 класс кезинде жазылган)*



## Максат сапары

Жапжашыл килемин калкалап,
Ааламга жаз куруп салтанат.
Жүрөктө сагыныч толкуну,
Эңсетип, эргитип баратат.

Канымда максат ок атылып,
Жашыруун сыр өндүү катылып.
Баратат жаштыктын шартына,
Үмүтүм гүл болуп ачылып.

Көөнөрбөй жаздарда көктөгөн,
Үмүттөр от белем өчпөгөн.
Максаттын акактай нуруна,
Чабыттап баратам көк менен.

*Жеңиш туусу гезити.*
*№ 80 (3662)*
*5-июль 1986 жыл.*



# Түбөлүкө болчу ырымдын күбөсү

Түнт токойдун туюк жолундай,
Түбү терең түйшөлүүгө кабылгам.
Тайыздыктын шар пасынан алыстап,
Дайра болсоң мен кемемин жол тарткан.

Сүңгүп кирип таттуусуна кыялдын,
Мен ойлордун туткунунда калдым да.
Көкөлөткөн көнүл кушуң бир жаркып,
Көп ичинен сени таап алдым да.

Түндөй сүйкүм ай чачылган бетинде,
Түркүн тагдыр тартты өзүнө кошууга.
Түбөлүккө болчу ырымдын күбөсү,
Жакшы ырлардын жылыналы отуна.

## Үнсүз ый

Үзүл-кесил үн келет каяктардыр.
Үшкүрүгүн жүктөнүп карт эненин.
Үмүттөрдү соолутуп өмүр кыйган,
Үшүп сезим сыздаган кайдагы ый?

Үзөңгүсү үзүлгөн жана жалгыз,
Үй артында турган ат ээси кайсыл?
Үрүп чыккан ити жок жансыз калган,
Үңүп кирген түн үйгө келип кайрыл.

Үнсүз келип чертпегин эшиктерди,
Үрөн-бараң таң кайтса сапарынан.
Үкү учуп түндөрдө жортуп калган,
Үнсүз ушул ый эске келди кайдан.

*Жеңиш туусу гезити.*
*16.12.1990.*
*№ 149-150 (4361-4362)*

## Сага

Алдашпайлы экөөбүз башкалардай,
Жарашпаган башынан мээримсиздик.
Күнөөлөргө арга жок тагдырдагы,
Махабатты гүл ачкан эң бир алгач.

Сооротпойлу кусалуу сезимдерди,
Элеси өткөн күндөн учкундаган.
Ишенич өмүрдөгү ыйык туткан,
Билинбей арабыздан өчкөн өңдүү,

Маанайдагы туптунук жөнөкөйлүк,
Максатка чакырыктай узак сапар.
Көөнөртпөй көңүлдөрдү гүлгө бөлөп,
Жашайлы алдыбызга коюп максат.

*Жеңиш туусу гезити,*
*№109 (4164),*
*9-сентябрь 1989 жыл.*

## Тагдыр

Келем акыр күтпөй сага,
Кайрылбас деп түңүлбө.
Кантип түтөм билбейм эми,
Сенин арман үнүнө.

Кайгы сырын унчуктурбай,
Айламды түк кетирип.
Бүлүк түшкөн сезимимди,
Түнгө берем кезигип.

Айтыла элек ырым сырым.
Жаштыгымдан үзүлбөй.
Келген жаздын бейкут күнүн,
Ыйлап тостум бугун мен.

Сыйгалак бул тагдыр жолу,
Ким бар дейсиң кечпеген.
Бирде үзүлгөн үмүт менен,
Кайгыга ким чөкпөгөн.

Бар көптүрбөс, жок чөктүрбөс,
Адам барбы өмүрдө,

Жалгыз энчиң ыйманыңдан,
Асти айрылып бөлүнбө.


Калпыс түшкөн жактары көп,
Ушул жалган дүйнөнүн.
Жаңылуулар канча болсо,
Жашоону ошончо үйрөндүң.

Кайраттангын үмүттөнгүн,
Кылы кетпес жашоонун,
Кыйындыкты бир тартайын,
Кыйбас жалгыз жан досум.

Чындык дайым ачуу болот,
Чанда келген өмүргө.
Жалгандыкка курман болуп,
Жан кыйбагын түңүлбө.

Жашык болсоң белден басат,
Жамандык да табалап.
Ачууга сен алдырбагын,
Дайым турчу сагалап.

Ыйык таза ыйманыбыз,
Татаал жолдо колдосун.
Кыял кечкен кең талантың,
Кыйбас сенин жан досуң.



## Ыр саптары

Не аздың, тайып кеткен тагдырыңдан,
Таштак жол сыныгына өксүп-өчүп.
Өмүрдүн мүмкүн эмес өлчөмү жок,
Өзгөчө кыял менен жашап коймок.

Мүчүлүп муунум кетээр учур келсе,
Муңканган кайрыктарда жашап калба.
Мыйзамы жок сыяктуу тагдырлардын,
Басынба, мыйыгынан күлгөндөргө.

Таң келет түндү жарып өңдөн азсаң,
Уйкусуз кыйналууну четке каккан.
Муздаба калпыс түшкөн жактары көп,
Жаңылуудан ушул жашоо жаратылган.

Саргайба, өңдөн азып аз жашоодо,
Аксаба, ак ишине шек келтирсе.
Кейибе кемтиги көп, кечүүсү аз,
Турмуштун түнү кара таңы жарык.

## Сагыныч

Сагынсам не кылам деп бекер айттың,
Сагыныч жүрөктү эзип кыйнап бүтсө.
Окуйм да, сенин жазган ырларыңды,
Сагынсам, саргайсам да алар күйөт.
Ыйласам, кубансам да алар орток,
Ал саптар сенден мага мээримдүүрөөк.

Жел келсе желип өтөөр саамайымды,
Жаз тоскон күндөр кайтып эске түшкө.
Айыкпас жүрөгүмдү кайгы эзсе,
Айтаармын арманымды сага эмес,
ырларыма.
Анткени сендей алар таш боор эмес,
Жаныма кубат берет аз да болсо.

Кайтканда сап-сап болуп каркыралар,
Адашып сен деп жалгыз күйүп жанган.
Сүйүүмдөн, сагынычымдан кабар айтып,
Келгиле, айланайын келгин куштар.
Үмүт бар, күтүү да бар сезим толгон,
А демек менде ошончо дарамет бар.



## Талантына

Тулпар аттай кере арыш таштадың,
Чоң марага жете келди чапканың.
Буудандай таза бүркөөсү жок сөздөрүңдүн,
Чагылгандай жалын бүркту саптарың.

Окуганда ар бир сабын ырыңдын,
Учкул ойдун күлүгүнө кабылдым.
Кумарлантып, куштарлантып эргиткен,
Касиеттүү талантыңа табындым.

Таңдай таза арыш таштап ыргагын,
Сен дүйнөнү кумарданып ырдадың.
Ашык боёк сүртүлбөгөн кыялдын,
Арууллугу суктандырды жанымды.

Таңды жаны жигер толуп күчүнө,
Кубаттанып жан киргизип күүсүнө.
Ырдай бергин таамай тийген нур менен,
Жандыра бер талантыңдын тусуна.

## Он түп өрүк

Үй артында үркөр жылдыз тобундай,
Он түп өрүк он жыл мурун тигилген.
Батыш жактан күн алоолоп батаарда,
Жел желпинсе жалбырактар дирилдеп.

Он түп өрүк көбөйгөнсүп калыптыр,
Ушул жаздын илебине жанданып.
Кызгылт тарткан гүл бүчүрүн кагыптыр,
Өткөн кечки суук шамал бул ирет.

Анда ичке назик жашыл жаш бутак.
Атам байкуш жакшы үмүткө тикти эле,
Жоктоп ээсин, томсоргонсуп бүр ачпай.
Үч жыл бою гүл байлабай турду эле.

Он түп өрүк отургузган жаз кетпей,
Атам кетти 50 жыл жашап арадан.
Он жыл кетти он түп өрүк бул жазда,
Сезимиме армандуу ыр жаздырып.



Эне үчүн балдарынын баардыгы бирдей болот эмеспи. Ар биринин кулк-мүнөзү, кыял жоругу ар башка болот эмеспи. Майрашымдын баскан турганын, сүйлөгөн сөздөрү көз алдыма келгенде, өзүмдү коёрго жер таппай, дүйнөм тарый түшөт.

Майрашым мектепте окуган кезинен эле ар кандай адабий ийримдерге, коомдук иштерге активдүү катышкан тың кыз эле. Ырлары 8-класста окуп жүргөндө "Жеңиш туусу" гезитине "Мөлтүр булак" деген ыры жарык көргөн. Бул ыры менен райондогу адабий чөйрөгө аралаша баштаган. Андан кийин көптөгөн ырлары жазылып, гезит бетине чыккан.

Окуйм деп жүрүп, андан сырткары ден-соолугу менен алп урушуп жүрүп, турмуш жолуна кеч атганды. 1995 – жылы Улан аттуу

уулдуу болуп бизди сүйүндүрдү. Тагдыр экен, баарыбызды сыздатып, оорунун айынан Майрашым бизди таштап кете берди. Айла жок, ыйлап, кала бердик. Турмуштун жазганы экен.

*Апасы Дилдебүбү.*

Майрашым жандан башкача, бир тууганлардан өзгөчө, назик, сезимтал, боорукер, башкача бир касиетке ээ десем болот. Кичине кезинен эле тың, көздөгөн максатына жеткен кыялкеч кыз эле. Мектепте жакшы окуду. Колунан китеп түшчү эмес. Адабий жана поэзия жанрына жакын эле. 8-9 класста окуп жатканда биринчи ыры гезитке чыккан. Райондук "Жеңиш Туусу" гезитине, областтык "Нарын правдасы" гезитине чыккан. Адамга жасаган мамилеси өзгөчө эле.

*Агасы Аскар*



Сиңдим Майрам, биз аны Майраш деп эркелетип койчубуз. Абдан боорукер, акылдуу, тууганчыл, өз ишине тыкан, үйүн тыкан кармаган жакшы аял, жакшы эне болчу.

Апасын өзгөчө барктап, кастарлап, жүрөгүндө өзгөчө ага өзгөчө жакын эле, ага арнап ыр жазчу эле. Убагында биз Майраштын ырларына анча деле маани бербептирбиз. Сенин ырларыңа түшүнбөйбүз десек, мен ак ыр жазам деп койчу эле. Көрсө балалык кыял менен, бала жүрөгү менен көп нерсени сезген адам экен.

Кийинки убактарда майрамдарды чогуу тозолучу деп баардыгыбызды чогултуп калаар эле. Турмушка чыккандан кийин бала төрөп, өзүнчө бир канча көз ирмемге бактылуу өмүр сүрдү. Жараткандын ошонусуна да шүгүр деп коём кээде.



Бир туугандар менен чогуу отурганда кемчиликтерибизди акырын бетке айтып коёр эле, же болбосо тамашага салып кемчилигиңди айтып, какшыктап калаар эле. Кайра этегинде каткырып күлүп калчу. өзү үчүн жакшы ырдачу, Р.Абдыкадыровдун ырларын жакшы көрөөр эле. Г.Шакирова, М. Ааматов, К. Сабыров, С. Акматбекова ж.б. акындардын ырларын сүйүп окуп, ошолордон эргүү алчу. Китепти аябай жакшы көрчү, жумушта болобу, үйдө болобу , колунан түшүрбөй көп окучу эле.

Өзү интеллигент адам эле. Адамдарга жакшы мамиле кылып, эч кимдин көңүлүн оорутчу эмес. Майраш кичине кезинде атабыз каза болуп калды, ошондон кийин жүрөгү оорулуу болуп калды. Бир ирээт баарыбыз чогулганда атабызга арналган ырын окуп берип баарыбызды ыйлаткан.


9-ноябрь-90. с. Казарман.

Армансыз дүйнө болбойт экен, 37 жаш мүчөл курагында биздин арабыздан өтүп кетти. Артында жаш баласы калды эле, чоңоюп бой жетти. Убакыт билинбей өтө берген менен бир туугандардын, өзгөчө апасынын жүрөгүндө айыккыс так калды, бирок артында өлбөс ырлары калды.

***Эжеси Шакен***

Майрамбү эжем ушунчалык терең ойлонуп, ар бир сөздү өз орду менен сүйлөгөн адам эле. Анын жан дүйнөсү жалаң ыр жанры эле. Эжем аябай акылдуу, тууганчыл, боорукер, намыскөй, сөздү чукугандай таап сүйлөчү эле.

Эжемдин үйүнө барып калганда, столдун үстүндө дайым блокнот менен ручка тураар эле, колу бош болгондо эле чыгармачылык менен алектенчү эле.

Эжемдин жылмайып бизди тосуп алганы, сүйлөгөн сөздөрү дагы деле көз алдымдан кетпейт. Эжемдин элеси дайым биз менен жашай берет.

***Сиңдиси Айнура.***



Майраш 1 класска 1969 жылы Киров орто мектебине кирди. Ал кезде биз ошол жерде иштечү элек. 6-класска чейин биз менен чогуу болду. Мүнөзү токтоо, тыкан, окуусун жакшы окучу эле. Адамга кылган мамилеси ушунчалык жумшак, аяр, деги эле адам көңүлүн оорутчу эмес. Мектепте окуп жүргөндө эле ырга ышкыбоз эле. Эң биринчи ыры 8 класста окуп жүргөндө гезитке жарыяланган.

Майрашым тирүү болгондо эмгиче жазуучулар союзуна мүчө болуп калат беле. Көптөгөн ырлары бар эле, көзү өтүп кеткенден кийин чогултулбай. Ырлары чачырап кетти.

Баарыбыздын жүрөгүбүздү оорутуп, оорунун айынан 2001 каза болду.

***Тезекбай жездеси,***
***Бакен эжеси.***

## Кыз жүрөгү—ыр түнөгү



[illegible]

## Апаке байкамаксан болуп койчу

[illegible]

X X X

[illegible]

X X X

[illegible]

Майрам ИСМАИЛОВА.

Формат 60х80 $^{1}/_{16}$ Көлөмү
4 физ. Басма табак.
Нускасы 150 экз.

«Гүлчынар» ЖЧК басмаканасы,
Бишкек ш., Т.Фрунзе к., 91/1
тел.: (0312) 41-77-67